4. **Бейшенова, Ж.А.** Анализ концепта «Успех» среди студентов-кыргызов [Текст] / Ж.А. Бейшенова // Язык, культура, этнос. – Бишкек, 2017. – С. 91-96.
5. **Зулпукаров, К.З.** Слово как средоточие лингвоэтнокультурных концептов [Текст] / К.З. Зулпукаров // Вестник КГНУ им. Ж. Баласагына. – 2014. – Спец.вып. – С. 246-251.
6. **Зулпукаров, К.З.** Описание концепта "Ой/Мысль" в песнях: номинативный аспект [Текст] / К.З. Зулпукаров, С.К. Пазылова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2019. - №2 – С. 169-173.
7. **Юдахин, К.К.** Киргизско-русский словарь [Текст] / К.К. Юдахин – М.: Сов. энц., 1965 – 973 с.
8. **Jahendoff, R.** What is a consept? // Frames, fields and contrasts. New essays in semantics and lexical organization. – Hillsdale, 1992 – С. 629-643.

DOI:10.54834/16945220_2023_1_118

Поступила в редакцию: 18.02.2022 г.

**УДК: 81, 36(81, 0)**

***Кыргызбаева Р.З.***

*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. Универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ТААНДЫК КАТЕГОРИЯСЫНЫН ГРАММАТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары кыргыз тилиндеги таандык категориясынын грамматикалык каражаттары каралды. Изилдөөнүн максаты - морфологиядагы таандык категориянын маани-мыңызын, жалпы касиеттерин бир өңүттө сыпаттап берүү болуп саналат. Изилдөөдө морфологиялык талдоо, салыштыруу, мүнөздөө усулдары колдонулду. Изилдөөнүн натыйжаларына таандык категориянын жалпы теориясы каралып, кыргыз тилиндеги өтө таркалган көз караштар сынга алынып, тыкан, так моделдер сунушталды. Морфологиянын таандык категориясы синтаксистик "чүмбөттөн" бошотулуп, өзүнчө система катары берилди. Таандык категорияны аныктоодо өзүнө гана тиешелүү чен-өлчөмдөрү көрсөтүлдү. Бул натыйжалар макаланын мазмунунун жаңылыгын тастыктайт. Морфологиялык категорияларды өз деңгээлинин чегинде гана изилдөөгө, башка деңгээлдер менен чаташтырбай кароого негиз болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө таандык категориянын маңызы жана статусу аныкталып, анын мазмунун түзгөн өзгөчөлүктөр изилденди. Келтирилген материалдар тилдин морфологиясын иликтөөгө ишенимдүү өбөлгө болот. Анын жыйынтыктары, такталган материалдар морфология жана кыргыз тилинин практикалык курсун өздөштүрүүдө, зат атоочтун таандык категориясы боюнча маалымат берүүдө колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *таандык; посессивдүүлүк; тиешелүүлүк; морфологиялык категория; синтаксис; кыргыз тили; түрк тилдери; зат атооч; сөз айкаштар.*

## ГРАММАТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА КАТЕГОРИИ ПРИНАДЛЕЖНОСТИ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*В данной работе предметом исследования были рассмотрены грамматические средства категории принадлежности в кыргызском языке. Цель исследования - описать значение и общие свойства категории принадлежности в морфологии в одном аспекте. В исследовании использовались методы морфологического анализа, сравнения и характеристики. Была рассмотрена общая теория категории, относящаяся к результатам исследования, подвергнута критике весьма распространенные взгляды на кыргызский язык, предложены четкие и точные модели. Категория, относящаяся к морфологии, освобождена от синтаксического «засилья» и представлена как отдельная система. При определении категории идентичности отображались только связанные с ней измерения. Эти результаты подтверждают новизну содержания статьи. Есть резон изучать морфологические категории только в пределах своего уровня, не смешивая их с другими уровнями. В ходе исследования были определены сущность и статус категории принадлежности, а также изучены признаки, составляющие ее содержание. Приведенные материалы послужат надежной основой для исследования морфологии языка. Его результаты, уточненные материалы рекомендуются для использования при освоении практического курса кыргызского языка и морфологии, предоставляя информацию о категории принадлежности имен существительных.*

***Ключевые слова:*** *принадлежность; посессивность; притяжательность; морфологическая категория; синтаксис; кыргызский язык; тюркские языки; существительные; словосочетания.*

# MEMBERS OF BELONGING IN THE KYRGYZ LANGUAGE

*In this paper, the subject of the study was the grammatical means of the category of belonging in the Kyrgyz language. The purpose of the study is to describe the meaning and general properties of the category of belonging in morphology in one aspect. The study used methods of morphological analysis, comparison and characterization. The general theory of the category related to the results of the study was considered, very common views on the Kyrgyz language were criticized, and clear and precise models were proposed. The category related to morphology is separated from syntactic "dominance" and presented as a separate system. When defining an identity category, only the dimensions associated with it were displayed. These results confirm the novelty of the content of the article. There is a reason to study morphological categories only within the limits of one's own level, without mixing them with other levels. In the course of the study, the essence and status of the category of belonging were determined, and the features that make up its content were studied. These materials will serve as a reliable basis for the study of the morphology of the language. Its results, refined materials are recommended for use in the development of a practical course of the Kyrgyz language and morphology, providing information on the category of belonging of nouns.*

***Keywords:*** *belonging; possessiveness; property; morphological category; syntax; Kyrgyz language; Turkic languages; nouns; phrases.*

Жактама-посессивдик формалар кыргыз тилдеринде "Таандык категориясы" аталышында белгиленет. Таандык категориясы бул биздин изилдөө иштин предмети болуп саналат. Атайын изилдөө үчүн ушул категорияны тандап алдык. Албетте, анын себептери бир топ.

Түркологияда таандык категориясы түрдүү өңүттөрдө сыпаттоого алынган. Анын маани-маңызын ачууга, грамматикалык кызматын аныктоого көптөгөн эмгектер арналган. Таандык категориясын изилдөөгө атайын эмгектер (Н.К. Дмитриев, Э.В. Севортян, С.С. Майзель, С. Кудайбергенов, К. Назаров, Т. Тачмуратов, С.Н. Иванов, Г.А. Абуханов, С. Асиддинов ж.б.) арналып, морфология боюнча ири монографиялардын курамында да (И.А. Батманов, А.К. Воробков, Н.А. Баскаков, Н.П. Дыренкова, В.В. Решетов, М.Ш. Ширалиев, А.Н. Кононов, Е.И. Убрятова, Э.Р. Тенишев, К. Дыйканов. А.М. Щербак, З.Г. Ураксин, Т. Садыков, И. Абдувалиев, ж.б.) кенен каралган [1]. Бул категорияны талдоодо, анын жалпы түзүмүн, касиеттерин аныктоодо бирин экинчиси танган, бири-бирине коошпогон көз караштар бар экендиги байкалат. Анын курамын, өзгөчө сапаттарын так, даана, кынтыксыз аныктоо зарылчылыгы сезилип турат. Изилдөөнүн максаты болуп кыргыз тилинин материалында таандык категориянын толук моделин иштеп чыгуу эсептелинет. Бул милдетти аткарууга жетиштүү теориялык өбөлгөлөр бар [2].

**Материалдар жана методдор.** Изилдөөнүн объектиси катары морфологиялык таандык категориянын кыргыз тилиндеги парадигмасы тандалып алынды. Таандык категория дайыма бир же бир нече затты жекелик жана көптүк сандагы үч жактын бирине тиешелүү кылып көрсөтөт. Кандайдыр бир заттын, белгинин, сапаттын, аракеттин үч жактын бирине караштуу болуп айтылышы кыргыз тилинде атайын мүчөлөрдүн жардамы менен берилет. Алар таандык мүчөлөр деп аталат.

Жактама-посессивдин жакталышынын бир кемчилдиги бар. Ал парадигма "Зат атооч" аталышынын алдында көрүнөт. Ага ылайык аффикстер зат атоочтордо эле эмес, ат атоочтордо (мунуң эмнең?), сан атоочто да (сенин миллионуң курусун, үчөөң калгыла), кыймыл аракетте (иштешиң керек/ иштөөң керек), субстанциялык сын атоочто, атоочтукта (калганың дурус; калганыңар кеткиле ж.б.у.с.) колдонулууга жөндөмдүү экендиги жакшы белгилүү. Таандык категория негизинен зат атоочторго мүнөздүү. Бирок таандык формаларды уюштуруучу мүчөлөр затташкан айрым сын атоочторго, сан атоочторго жана атоочтуктарга, кыймыл атоочторго да жалгана берет [3]. Алиге *бетинин кызылы* өчө элек. Жайнакка *окшогондордун ону* кошулар, *жүзү* кошулар, *миңи* кошулар ( Ч. А.). *Күндүн жааганы* уламдан-улам калыңдады (К. Ж.). *Пландын аткарылышы* жаман эмес. Бул мисалдар жактама-посессивдик сөз түркүмдөрүнүн ортосундагы сөз өзгөртүүчү категория зат атоочто гана пайдаланылбайт деп эсептөөгө негиз болуп берет. Аны зат атоочтун чегинен чыгарып, бардык сөз түркүмдөрүнүн арасындагы

категория катары каралышы керек.

Эң башкысы, изилдөө үчүн теманын тандалышына – тилдин эгоцентрдик талаа системасындагы жактама-посессивдик парадигмаларынын мааниси негиз болуп берди. Мына ушулардын бардыгы башка грамматикалык категориялар менен байланышта таандык категориясын терендетип изилдөөнү талап кылды.

I, II жактын таандык мүчөлөрү, III жактыкынан айырмаланып, дайыма заттын адамга карата болгон катышын билдирет: *Менин апам, биздин китебибиз, сенин калем сабың, силердин* мектебиңер. III жактын таандык мүчөсү болсо заттын адамга да, адамдан башка заттарга да карата болгон катышын билдирет: *студенттин китеби, окуучунун дептери, мугалимдин жардамы, машинанын эшиги, тоонун башы, колхоздун багы*.

Таандык категория ар түрдүү маанилерди билгизе алат. Кыргыз тилинде таандык маани эки түрдүү жол менен берилет: 1) морфологиялык жол жана 2) морфологиялык-синтаксистик жол. Изилдөөбүздө морфологиялык жол менен жасалган таандык афикистердин кайсы маселелери каралып, кайсы маселелери карала электигин чечмелейбиз.

Бул жерде таандык маани уңгу менен туунду сөздөргө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу берилет. Мындай учурда таандык мүчө уланган сөз ээленүүчү заттын атын билдирсе, таандык мүчө элөөчү жакты туюндурат. Мисалы: *китебим* десек, *китеп* ээленүүчү зат, ага уланган I жактын жекелик түрүнүн *-им* мүчөсү э элөөчү жак сүйлөөчү экендигин (I жакты туюнтуучу *менин* деген сөздү) билдирип турат. Таандык маанинин морфологиялык жол менен берилишинде ээлөөчү жак таандык мүчө аркылуу эле белгилүү болуп тургандыктан, көпчүлүк учурда илик жөндөмөсүндө туруучу ээлөөчү жак айтылбайт: *Таягы* колдон түштү (Т. С.). Милиса менен келип, *энчимди* бөлдүрүп алам (Т. С.).

Таандык мүчөлөр маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай *жакчыл таандык мүчө* (*-ым, -ың, -ы, -ыбыз ж.б.*) жана *жалпы таандык мүчө* (*-ныкы*) болуп эки топко бөлүнөт.

1. Жакчыл таандык мүчөлөр бир же бир нече заттын үч жактын бириндеги бир же бир нече затка (адамга) таандык экендигин билдирет. Жакчыл таандык мүчөлөр уланган зат атоочтор бир эле мезгилде ээленүүчү затты да, ээлөөчү жакты да жана алардын сандык маанисин да (жекелик же көптүк санда экендигин) билдирет. Мисалы: *китебим*-ээленүүчү зат *китеп*, ээлөөчү жак-жекелик сандагы I жак (*мен); дептериңер*- ээленүүчү зат *дептер*, ээлөөчү жак-көптүк сандагы II жак ( *силер* ).

2. Жалпы таандык мүчө жакты, сандык маанини билдире албайт. Ал тек гана таандык маанинин бар экендигин туюндурат. Бул мүчө уланган сөздүн кайсы жактык жана сандык мааниде экендиги ошол сөздүн өзү билдирип турган жактык жана сандык маанилерге ылайык аныкталат. Мисалы: *мен* ( I жак жекелик сан)- *меники* ( I жакка, жекелик санга таандык ), *сеники* (II жак, жекелик сан), -*силердики* (II жак, көптүк сан) [4].

Кыргыз тилинде таандык маани морфологиялык жол менен гана уюшат. Ал эми бул категорияны синтаксистин алкагында иликтөөнү, сөз айкаштардын курамына кошуп талдоону калпыстык деп эсептейбиз. Биз таандык категорияны тилдин эгоцентристтик талааасынын ири түзүүчүсү болгон жактык-посессивдик парадигмалардын курамында анализге алабыз.

Изилдөөнүн жүрүшүндө таандык категориянын маңызы жана статусу аныкталат, анын мазмунун түзгөн өзгөчөлүктөр баяндалат, категорияны жараткан морфемикалык каражаттар синхрондук-салыштырма планда каралат.

Ошентип, биз кыргыз тилиндеги жактык-посессивдик сөз өзгөртмө формаларына ат атооч сөздөрдүн жана тилде таандык морфемалардын бөтөнчөлүктөрүн эгоцентристтик түшүнүктөгү көз караштан кыска сыпаттоо жүргүзүүгө аракет кылабыз.

Таандык категориянын ичинде бир эле учурда предметке ээлик кылган тарапты, ал ээ болгон предметти туюнта турган мүчөлөрдү өзүндө кармай ала турган субстантивдик сөз формалары жыйынтыкталат. Ээликке өткөн предмет сөздүн уңгусундагы өзөктүк морфемадан турат, ал эми ээлик кылган тарап жактык-посессивдик мүчөлүк морфемаларда болот.

Биз таандык категорияны морфологиялык өңүттө гана сыпаттай алабыз. Кыргызча жактык-посессивдик парадигма сегиз элементтен турат:

1) *-м, -ым, -им, -ум, -үм* (бала-м, жан-ым ...);

2) *-ң, -ың, -иң, -уң, -үң* (бала-ң, жан-ым ...);

3) *-ңыз, -ыңыз, -иңиз, -уңуз, -үңүз* (бала-ңыз, жан-ыңыз ...);

4) *-ы, -и, -у, -ү;* -сы, -си, -су, -сү (бала-сы, жан-ы ...);

5) *-быз, -биз, -буз, -бүз* (бала-быз, жан-ыбыз ...);

6) *-ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз* (бала-ңыз, жан-ыңыз ...);

7) *-ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр, -ыңыздар, -иңиздер, -уңуздар, -үңүздөр* (бала-ңыздар, жан-ыңыздар ...);

8) *-ы, -и, -у, -ү; -сы, -си, -су, -сү* (бала-сы, жан-ы ...).

Көрүнүп тургандай, жактык-посессивдик парадигма сегиз компоненттен турат. Алар бир кылка эмес. 3-жактын жекече, көптүк түрлөрү бирдей, омонимдик катышта (4, 8), 2-жак одоно жана сылык түргө ээ (2-3, 6-7).

Бул парадигма зат атоочтор үчүн универсалдуу эмес. Бул системага көп аталыштар кире албайт. Анткени айрым предметтер тигил же бул тарапка тиешелүү боло албайт. Мисалы, астрономиялык аталыштар (космос, Юпитер, Марс ...), абстракттуу заттар (чексиздик, барабардык, түпкүр ...), географиялык сөздөр (Арктика, Атлантика, Африка ...), өсүмдүк бөлүктөрү (жалбырак, кабык, бутак ...) ж.б. сөздөр келтирилген парадигмага сыйбайт. Анткени алар кайсы бир тарапка (сүйлөөчүгө же угуучуга) таандык боло албайт. Ошондуктан таандык категориясын универсалдык система катары караган морфологдорго кошула албайбыз. Себеби айрым сөздөр жактык-посессивдик мүчөлөрдү кабыл ала албайт: Юпитер-им, Юпитер-иң, Юпитер-и ... деп айтууга таптакыр болбойт. Буга тил мыйзамы жол бербейт. Кайсы бир сөздөр 3-жакка гана таандык болушу мүмкүн: (дарактын) жалбыраг-ы, (короздун) текөөр-ү ж.б. Тил жалбыраг-ым, жалбыраг-ыбыз сыяктуу формаларга жол койбойт.

Кудай теонимине да дефективдүү парадигма мүнөздүү. Ал дээрлик бардык учурда 1-жактын же 3-жактын жекече түрүндө колдонулат. Ал эми калган формалар ал сөзгө жат: Кудайым ай! (1-жак, жеке түрдө), Яхве – еврейлердин Кудайы (3-жак, жеке түрдө).

Бүтүн эместик, “чалалык” жактык-посессивдик парадигманын көптүк түрүндө да кездешет. Бир элдик ырга кайрылалы:

Кызыл көрпө тебетей
Кийер бекен биздин жар.
Кызыл жүздүү селкини
Сүйөр бекен биздин жар.

Бул жерде биз үчүн жар сөзү зарыл, анткени ал таандык категориянын элементи катары колдонулган. Стандарттык парадигма аны биздин жарыбыз түрүндө көрсөтмөк: *(менин) жарым, (сенин) жарың, (сиздин) жарыңыз, (анын) жары; (биздин) жарыбыз,* (силердин) жарыңар, (сиздердин) жарыңыздар, (алардын) жарлары. Бул мисалдар – нормативдик бүтүн парадигма. Биз келтирген төрт сапта жар сөзү мүчөсүз колдонулган. Кыргыз тили буга жол берет. Прадигманы толук, бүтүн система деп айтууга болбойт.

Кыргызча таандык категорияны башка тектеш тилдердеги посессивдик формалар менен салыштырууга мүмкүн. Мисалга аны якут тилиндеги таандык категория менен жандаштырып, эки тилдеги окшоштуктарды, бөтөнчөлүктөрдү белгилөөгө болот. Бул жерде да асимметрия кубулушун, системанын башкача түрдө түзүлүшүн көрөбүз: ат-ым, ат-ың, ат-а “аты”, ап-пыт “атыбыз”, ак-кыт “атыңар”, ат-тар-а “аттары” [5]. Мында парадигма бүтүндүктү түзөт. Бирок 3-жактын көптүк түрүндө -тар мүчөсү обочолонуп турат. Көптүктүн 1-жагында жана 2-жагында өзгөчө фонетикалык кубулуш жүргөн: уңгунун акыркы үнсүз тыбышы мүчөнүн башкы тыбышы менен үндөшүп кеткен. Бул өзгөрүү ассимиляция законуна жараша жүргөн.

Бул парадигма кыргыз тилиндеги жак категориясына салыштырмалуу “чала” көрүнөт.

Анткени якут тилинде сылык форма жок, анын жекече жана көптүк түрлөрү өзүнчө жиктелбейт. Мында да асимметризм кубулушунун таасири жүргөн.

Ушул пикирлерди эсепке алып, биз таандык категорияны морфологиянын гана тутумуна кийирип, аны толук, бүтүн парадигма катары карабайбыз. Ал өзүн дефективдүү парадигма, кемтик түзүм катары сыпаттоого жол ачат.

Биз эми бул категорияны морфологиянын чегинен чыгарып, синтаксистик категориялар менен чатыштырып, булар менен кошо караган көз карашка токтолобуз.

Түркология менен кыргыз тил илиминде морфологиялык жактык-посессивдик формаларды сөз айкаштары, сүйлөмдөр менен биримдикте, чогуу иликтөө жүргүзүлүп келет.

Морфологиянын деңгээлинде көп окуу китептеринде, атайын изилдөөлөрдө таандык категорияга аныктоочтуу сөз айкаштарын жана ээ + баяндооч түзүмүндөгү сүйлөмдөрдү кошуп карап жүрүшөт:

1. Аныктооч + аныкталуучу формасындагы сөз айкашы: менин китебим, сенин китебиң, анын китеби ж.б. Бул мисалдар морфологиядан тышкары каралууга тийиш.

2. Ээ + баяндооч формасындагы сүйлөмдөр: китеп меники, китеп сеники, китеп аныкы ж.б. Булар – сүйлөмдөр. Алар морфологияга зорлук менен киргизилип калган [1, 2, 3, 5, 6, 8]. Таандык категорияга жыгач күрөк, таш бака, бет май мисалдарын (К. Дыйканов), айылдык бала, *шаардык кыз* атрибутивдик сөз айкаштарын (И. Абдувалиев) да кошуп жүрүшөт. Мында эки деңгээл, морфология менен синтаксис чаташтырылган, морфологияга зомбулук көрсөтүлүп, синтаксистик фактылар анын курамына жасалма киргизилип калган.

**Жыйынтыктар:**

1. Бул изилдөөдө таандык категориянын жалпы теориясы каралып, кыргыз тилиндеги өтө таркалган көз караштар сынга алынып, тыкан, так моделдер сунушталды;

2. Морфологиянын таандык категориясы синтаксистик “чүмбөттөн” бошотулуп, өзүнчө система катары берилди;

3. Таандык категорияны аныктоодо өзүнө гана тиешелүү чен-өлчөмдөрү көрсөтүлдү;

4. Изилдөөнүн жүрүшүндө таандык категориянын маңызы жана статусу аныкталып, анын мазмунун түзгөн өзгөчөлүктөр изилденди. Келтирилген материалдар тилдин морфологиясын иликтөөгө ишенимдүү өбөлгө катары сунушталат.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Дмитриев, Н.К.** Категория принадлежности. Исследование по сравнительной грамматике тюркских языков [Текст] / Н.К. Дмитриев. – Москва, 1956. – С. 33-39
2. **Дыйканов, К.** Имя существительное в киргизском языке [Текст] / К. Дыйканов. – Фрунзе, 1955. – 184 с.
3. **Орузбаева, Б.** Азыркы кыргыз адабий тили [Текст] / Б. Орузбаева, А. Турсунов. – Бишкек, 2009. – 928 с.
4. **Абдувалиев, И.** Азыркы кыргыз тили [Текст] / И. Абдувалиев. – Бишкек, 2015. – С. 66-67.
5. Грамматика современного якутского литературного языка [Текст]. – Москва: Наука, 1982. – 496 с.
6. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тили [Текст] / И. Абдувалиев. – Бишкек, 2003. – 186 с.
7. **Гаджиев, Н.З.** О тенденциях в развитии морфологического строя тюркских языков [Текст] / Н.З. Гаджиев // Советская тюркология. – 1978. – №5. – С. 26-34.
8. **Зулпукаров, К.З.** Тюркское лично-посессивное словоизменение [Текст] / К.З. Зулпукаров, М.А. Атакулова. – Ош, 2005. – 68 с.
9. **Зулпукаров, К.З.** Инвариантность в прономинальной и провербиальной парадигмах языка [Текст] / [К.З. Зулпукаров, М.А. Атакулова, А.А. Калмурзаева и др.] – Бишкек, 2017. – 728 с.
10. **Пазилова, Т.Ж.** Кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштерге салыштырма типологиялык анализ [Текст] / Т.Ж. Пазилова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2021. - № 3. – С. 103-109.


DOI:10.54834/16945220_2023_1_123

Поступила в редакцию: 15.12.2022 г.